# ЖҮК ТАШУУ КЕЛИШИМИНИН МҮНӨЗҮН АНЫКТООДОГУ КӨЙГӨЙЛӨР

**ТУЙБАЕВ Р.Ж.**

*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

**УДК: 656.025**

***Аннотация.*** *Жүк ташуу келишиминин мүнөзүн аныктоодогу көйгөйлөр деген илимий макала Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын өнүгүү шартында жазылган иштердин бирине кирет. Жүктү ташып жеткирүү келишими чарбалык келишимдердин эң маанилүүлөрүнүн бири болгондуктан, анын натыйжасында өнөр жай менен айыл чарбанын, өнөр жай менен сооданын ортосунда байланыш иш жүзүнө ашырылары, келишимдин укуктук табиятын аныктоодогу оорчунду маселелер каралган.*

***Урунтуу сөздөр:*** *Консенсуалдуу келишимдер, реалдуу келишимдер, жүк ташуу келишими, автомобильдик транспорт, автомобилдик жол.*

***Аннотация.****Научная статья посвященна, проблемам определения характера договора перевозки грузов, которая относится к числу работ написанных в условиях развития законодательства Кыргызской Республики. Договор перевозки грузов относится к числу хозяйственных договоров и поэтому, в исследовании отражается дискуссионные вопросы, относительно прововой природы договора.*

***Ключевыве слова:****Консенсуальные договоры, реальные договоры, договор перевозки грузов, автомобильный транспорт, автомобильная дорога.*

***Abstract.*** *The scientific article is dedicated to the problem of determining the nature of the contract of carriage of goods, which is one of the works written in terms of the legislation of the Kyrgyz Republic. The contract of carriage of goods refers to the number of commercial contracts and therefore, the study reflected debatable questions regarding provovoy nature of the contract.*

***Key words:****Consensual contracts, real contracts for the carriage of goods, road transport, road.*

Жүктү ташып жеткирүү келишими чарбалык келишимдердин эң маанилүүлөрүнүн бири болгондуктан, анын натыйжасында өнөр жай менен айыл чарбанын, өнөр жай менен сооданын ортосунда байланыш иш жүзүнө ашырылат.

Жарандык кодекстин 702 беренесине көрсөтүлгөндөй, жүк ташуу келишими боюнча ташуучу жөнөтүүчү тарабынан ага ишенип берилген жүктү тиешелүү пунктка жеткирүүгө жана аны жүктү алууга ыйгарым укуктуу жакка (алуучуга) берүүгө милдеттенет, ал эми жөнөтүүчү жүк ташылгандыгы үчүн белгиленген акыны төлөөгө милдеттенет.

Жүк ташуу келишиминин укуктук табиятын өздөштүрүүдө, О.С.Иоффе айкын белгилегендей, анын консенсуалдуулугу же реалдуулугу жөнүндөгү суроо өтө оорчундуу экендигин белгилей кетүү абзел[1]. Бул спецификаны (өзгөчөлүктү) Г.С. Гуревич дагы белгилеген[2].

Аны менен бирге, жүктү ташуу келишиминин аныктамсын негизге алуу менен, ал реалдуу келишимдин моделинде түзүлгөнүн божомолдого болот. Бул жагдайга көптөгөн окумуштуулар көңүлүн бурушкан.

В.Т. Смирнов мына ушинтип жазган: «жүктү ташуу келишимдери реалдуу(чыныгы) болушат. Аларды түзүүгө ташуучу менен жүк жиберүүчүнүн макулдашуусу гана эмес, дагы ташуучуга жүктү берүү абзел, анткени ал ага берилген жүктү жеткирүүгө милдеттүү. Бирок, кээ бир учурларда консенсуалдуу жүк ташуу келишимдери түзүлүшү мүмкүн.

---

**1 ИОФФЕ О.С. ОБЯЗАТЕЛЬСТВЕННОЕ ПРАВО. М. 1975. С.560.**

**ГУРЕВИЧ Г.С. К ВОПРОСУ О ПРАВОВОЙ ПРИРОДЕ ДОГОВОРА ПЕРЕВОЗКИ ГРУЗОВ //УЧЕНЫЕ ЗАПИСКИ КИШИНЕВСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. Т.67. КИШИНЕВ, 1968. С.42-43.**

мисалы, чартер формасындагы, деңиз аркылуу жүк ташуу келишимдери консенсуалдуу болушат».

А.Л.Маковский көрсөтөт: «жүктөрдү ташуу келишиминин негизги жиктөөчү белгиси болуп, ташуучу өзүнө кабыл алып жаткан, башка бир жактын жүгүн жеткирүү жана жүктү алууга укуктуу жакка берүү милдети саналат».

Жүк ташуу келишиминин, ташып алып баруу максатында түзүлгөн, башка келишимдерден айырмалап туруучу, негизги мазмуну ушунда: а) кемени фрахтоо келишиминен; б) кемени сүйрөтүү келишиминен, анткени бул келишимдин обьектиси жүктү ташып жеткирүү эмес, сүйрөтүү болуп саналат.

Жүк ташуу келишими реалдуу мүнөзгө ээ экендигине М.Е. Ходунов да белгилеген: «жүктү ташуу келишимин түзүү ташуучунун жүктү алуу учуруна дал келет. Бул учурдан тартып ташуучу жана жиберүүчү тараптар милдеттерге ээ болушат».

Жүк ташуу келишими тек гана реалдуу мүнөзгө ээ болот деген концепцияга Х.И.Шварц толугу менен макул эместигин билдирет. Ал көрсөткөн «жиберүүчүдөн жүктү алган учурдан тартып эмес, бул учурдан эртээрек түзүлгөн келишимдердин негизинде автомобильдик ташуулар ишке ашырылат»[3].

Г.П. Савичев санайт: «ташуу келишимин «ушул» жүктү ташуу келишимине жана «келечекте конкреттүү келишимдерди» түзүү келишимдерине бөлүү жасалма болуп элестетилет. Бул эки түрүн тең ташуу келишимдерине киргизилет, бирок, биринчи учурда бул – реалдуу келишим, ал эми экинчи учурда – консенсуалдуу. Ошондуктан, ташуу келишими ... бир учурда реалдуу, башка учурларда консенсуалдуу».

В.В. Витрянский бул аспект боюнча мындайча жазат: «Жарандык мыйзамдардын негиздеринде, мыйзам чыгаруучу, тараптардын транспорттук каржаттарды жана жүктү ташууга берүү милдеттерин сыртта калтырылуу менен ташуу келишимине аныктама берген. Мындай келишим, жалпы эрежелер боюнча реалдуу келишим болот, анткени ал ташуучуга жүктү берген учурдан тартып түзүлдү деп саналат»[4].

Андан соң, ал мындай деп көрсөтөт: «бирок кээ бир учурларда алгач(биринчи),ташуучуга жүктү берүүгө чейин ташуучу тарапта жүктү жүктөгөнгө транспорттук каражатты берүү милдети пайда болот. Көрсөтүлгөн ташуучунун милдеттери келишимдин мазмунунан четтетилбеши керек жана маңызы боюнча ташуучунун тийиштүү иш аракеттери ташуу келишиминин предметинин курамына кирет, ошондуктан, келишимдин өзү жүктү ташуучуга берүүгө чейин эрте түзүлдү деп саналышы керек»[5].

Мындай укуктук мамилелер жөнүндө, тактап айтканда, транспорттук уюмдардын дөңгөлөктүү курамаларды жүк жиберүүчүгө берүү милдети, жүктү ташуучуга берүү учуруна чейин пайда болоорун М.Е.Ходунов, О.С.Иоффелер жазышкан.

Алсак, М.Е.Ходунов басым жасап белгилеген: «Эгерде ташуу планга киргизилбесе, келишимди түзүү милдети жиберүүчүнүн пландан тышкары же пландан жогору билдирмесине, ташуучунун акцепти кабыл алган учурунан тартып пайда болот. Бул учурда ташуу бир тарптуу пландоо боюнча ишке ашырылат ».

О.С.Иоффе көрсөткөн: «эгерде бул милдет пландан же аны тактоочу актылардан(жиберүүчүнүн билдирмесинен) пайда болсо, анда ал алдыдагыны коштоп, келишимди түзүүгө чыныгы таасирин тийгизе албайт. Бирок, *мындай пландан тышкаркы мамилелер боюнчамилдет*, эгерде автотранспорттук ишкана кандайдыр бир жүктү ташууга, шартталган мөөнөткө аныкталган сандагы автомобильдерди берүү жөнүндөгү жүк жиберүүчүнүн билдирмесин кабыл алган болсо, *келишимден чыгышы мүмкүн.* ошондуктан, пландан тышкаркы жүк ташуу келишимин консенсуалдуу мүнөздө түзүлөөрүн таныбоо болбойт. Бардык башка пландан сырткары келишимдер реалдуу келишим катары түзүлөт».

---

[3] **ШВАРЦ Х.И. ТАМ ЖЕ. С.29.**

[4] **ВИТРЯНСКИЙ В.В. УКАЗ.РАБ. С.71-72.**

[5] **ВИТРЯНСКИЙ В.В. УКАЗ.СОЧ. С.72.**

Көрсөтүлгөн окумуштуулардын оюу менен такыр макул болбогон А.Н. Романович жүктү жүктөөгө билдирмени берүү иш аракетерин  жарандык-укуктук мүнөзүн танып жана ага административдик укуктук мамилелердин мүнөзүн берген[6].

Бул жерден  көрсөтүлгөн аспект боюнча илимде жүк ташуу келишимин реалдуу деген концепция басымдуулук кылаарын белгилей кетиш керек[7].

Бир катар илимпоздор  автомобильдик ташуу келишимин консенсуалдуу келишимдердин катарына кирээрин белгилеп келишет[8].

М.К.Александров-Дольник[9], М.А.Тарасовдор[10] болсо жүк ташуу келишимдердин баарын реалдуу мүнөзгө эгедер экендигин коргоп келишкен.

Айтмакчы, кээ бир революцияга чейинки (мисалы, П.П.Цитович[11], Н.Плавтов[12]) жана советтик адистер (А.Г.Гусаков, Г.С.Гуревич) жүк ташуу келишимин ар дайым консенсуалдуу болоорун божомолдошкон.

Жүк ташуу келишими консенсуалдуу мүнөзгө ээ деген концепциянын пайдасына А.Г. Гусаков көрсөткөн: «макулдашуусуз, эч кандай автомобильдик жол менен ташуу мамилеси пайда болбойт. Жүктү берүүсүз жана алуусуз автомобильдик ташуу келишими пайда болбойт, келишимди аткаруу бүттү деп саноо да жетишсиз. Ошондуктан, автомобильдик ташуу келишимин реалдуу келишимдердин тобуна  киргизүүгө болбойт»[13].

Г.С.Гуревич, көрсөтүлгөн келишимдин консенсуалдуу мүнөзүн далилдеп жатып «бул суроонун (консенсуалдуулугун же реалдуулугун) чечилиши  жүктү ташууну пландоо формасына анын  тактоо даражасына көз каранды» жазган.

Адатынча темир жол жана суу транспорту менен ташууну  реалдуу келишим деп, ал эми автомобилдик жана аба транспорттору менен ташууну консенсуалдуу деп аташат. Келишимди мындай жиктөө менен таптакыр макул боло албайбыз. Биз бул суроонун чечилишине транспорттун түрү эмес, *келишимди түзүү тартиби* таасирин тийгизет деп элестетебиз.

Н.Плавтов, А.Г.Гусаков, Г.С.Гуревичдердин ташуу келишими консенсуалдуу мүнөздө деген көз караштарды кармануу менен, өткөн кылымда айтылганына карабастан, мындай ойлор мыйзамдарга негизделген деп жыйынтыктайбыз. Жашоо(турмуш) мыйзамдарды ашып озуп кетери башка иш жана адабиятта айкын белгиленгендей «ар бир мыйзам убакыттын өтүүсү менен өзгөртүүлөргө дуушар болот, дал ошондой эле мыйзамды өнүктүрүүгө чыгарылган эрежелер да  жашоонун жаңы шарттарына ылайык өзгөртүлүшү керек»[14].

---

**[6] РОМАНОВИЧ А.Н. ЦИТ. СОЧ. С.57-58.**

**[7] СМ., НАПРИМЕР: ГРАЖДАНСКОЕ ПРАВО, Т.2, ЮРИДИЧЕСКАЯ ЛИТЕРАТУРА, М.: 1970. С.255 (АВТОР ГЛАВЫ Х «ПЕРЕВОЗКА» - Г.П. САВИЧЕВ); ТАРХОВ В.А. СОВЕТСКОЕ ГРАЖДАНСКОЕ ПРАВО. ЧАСТЬ ВТОРАЯ. С.100; БРАГИНСКИЙ М.И. ХОЗЯЙСТВЕННЫЙ ДОГОВОР: КАКИМ ЕМУ БЫТЬ? - М.: ЭКОНОМИКА, 1990. С.24; ГРАЖДАНСКОЕ ПРАВО. В 2-Х ТОМАХ. УЧЕБНИК /ПОД РЕД. Е.А.СУХАНОВА. - М,: ИЗДАТЕЛЬСТВО БЕК, 1993. С.272 (АВТОР ГЛ.42 «ТРАНСПОРТНЫЕ ДОГОВОРЫ» - Г.П. САВИЧЕВ); ОТНЮКОВА Г. ЦИТ ПРОИЗВ. С.36.**

**[8] ИОФФЕ О.С. СОВЕТСКОЕ ГРАЖДАНСКОЕ ПРАВО, КУРС ЛЕКЦИЙ. Т.2. ИЗД-ВО ЛГУ, 1961,** С. **273; ШВАРЦ Х.И. УКАЗ.СОЧ. С.48.**

**[9] АЛЕКСАНДРОВ-ДОЛЫШК М.К. ДОГОВОРЫ СОВЕТСКОГО ТРАНСПОРТНОГО ПРАВА //АВТОРЕФ. ДОКТ. ДИСС. М., 1963. С.20.**

**[10] ТАРАСОВ М.А. ДОГОВОР ПЕРЕВОЗКИ. ИЗД. РОСТОВСКОГО УН-ТА, 1965. С.93; ДУТОВА Н.В., ДУТОВ И.С. УКАЗ.СОЧ. С.37.**

**[6] ЦИТОВИЧ П.П. УКАЗ СОЧ. С.281;**

**[12] ПЛАВТОВ Н. ОЧЕРКИ РУССКОГО ЖЕЛЕЗНОДОРОЖНОГО ПРАВА. ХАРЬКОВ. 1902. С.64.**

**[13] ГУСАКОВ А.Г. УКАЗ.СОЧ. С.46-47.**

**[14] ПЛАВТОВ Н. УКАЗ.РАБ. С.29.**